DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



## САЯСИЙ ИЛИМДЕРИ
## ПОЛИТИЧЕСКИЕ НАУКИ
## POLITICAL SCIENCES

*Султанова А.Т.*

# КЫРГЫЗСТАН-ТҮРКИЯ: СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНӨКТӨШТӨР

*Султанова А.Т.*

# КЫРГЫЗСТАН-ТУРЦИЯ: СТРАТЕГИЧЕСКИЕ ПАРТНЕРЫ

*A.T. Sultanova*

# KYRGYZSTAN-TURKEY: STRATEGIC PARTNERS

*УДК: 094.2 (575.2) (560)*

*Саясий аренада мамлекеттер аралык мамилелер өнөктөштүк мүнөзгө ээ болушу маанилүү. Бул өз кезегинде эки тараптуу кызматташтык мамилелеринин жогорку деңгээлге көтөрүлүшүнө шарт түзөт. Кыргызстан-Түркия стратегиялык өнөктөштүк мамилени орнотууга умтулушат жана ушул мамлекеттердин ортосундагы байланыштын достук жана кызматташтыкка негизделгендигин эки өлкөнүн ички мазмунун жана өз ара мамилелеринин терең маанисин чагылдырган 100дөн ашуун негизги документтер, келишимдер тастыктап турат. Эки тараптуу түзүлгөн келишимдер саясий, экономикалык, соода, маданий, билим берүү, илим, аскердик-техникалык жана башка тармактарда кызматташууну, ошондой эле тили, дини тектеш эки элдин ортосунда ар тараптуу жакындашууну камсыздайт.*

***Негизги сөздөр:** стратегиялык өнөктөштөр, макулдашуу, инвестиция, кызматташтык, эл аралык мамилелер, дипломатиялык байланыш, элчиликтер.*

*В международной арене партнерские отношения государств имеют большое значение. Это в свою очередь дает возможность повысить уровень двухстороннего сотрудничества. Отношения Кыргызстана и Турции являются такими и они основаны на дружбе и сотрудничестве. Это подтверждается прочной правовой базой, которая состоит из более чем 100 соглашений, договоров, протоколов, регулирующих текущее и будущее сотрудничество в различных областях, включая политическую, торговую, экономическую, культурную, гуманитарную, научную, образовательную, военно-техническую.*

***Ключевые слова:** стратегические партнеры, соглашения, инвестиция, сотрудничество, международные отношения, дипломатические связи, посольства.*

*In the international arena partnerships of states is of great importance. This in turn makes it possible to increase the level of bilateral cooperation. Relations between Kyrgyzstan and Turkey are based on friendship and cooperation. This is confirmed by a solid legal framework, which consists of more than 100 agreements, treaties, protocols governing current and future cooperation in various fields, including political, commercial, economic, cultural, humanitarian, scientific, educational, military-technical.*

***Key words:** strategic partners, agreements, investment, cooperation, international relations, diplomatic relations, embassies.*

Кыргызстан менен Түркиянын саясий чөйрөдөгү мамилелери интенсивдүү мүнөздө болуп, эки тараптан бирдей оң көз караштагы баага ээ. Түркия өзүнүн тышкы саясатында Кыргызстанды Борбордук Азия регионундагы стратегиялык өнөктөш катары карайт. Кыргызстан көз карандысыз республика болуп жарыялангандан кийин мамлекетибиздин эгемендигин Түркия Республикасы биринчилерден болуп 1991-жылы 18-декабрда тааныган. Ошол эле жылы 24-декабрдан баштап Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда дипломатиялык байланыш түзүлгөн жана Анкарада Кыргызстандын элчилиги ачылган [1, 132]. Бул эгемен Кыргызстандын чет өлкөдө ачылган эң алгачкы дипломатиялык өкүлчүлүгү болуп саналат. Андан кийинки эки тараптуу кызматташтык байланышты күчөткөн окуя катары 1994-жылы Стамбулда Кыргызстандын Генералдык консулдугунун ачылышын белгилөөгө болот.

Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы мамилелер эки өлкөнүн тарыхынын, маданиятынын, тилинин жана диний ишенимдеринин текшетигине негизденет. Эки тараптуу кызматташуунун принциптери жалпы кабыл алынган эл аралык укуктук ченемдерге, улуттун кызыкчылыгына, теңчилик жана достук мамилелерине таянат [1, 132]. Эки өлкөнүн ички мазмунун жана өз ара мамилелеринин терең маанисин

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



чагылдырган эң негизги документ бул - “Түбөлүк достук жана кызматташуу жөнүндөгү” Келишим. Бул документке 1997-жылы 24-октябрда кол коюлган. Андан кийинки 1999-жылы 1-июлда Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын мамлекет башчыларынын “Кыргызстан жана Түркия: XXI кылымга карай бирге” [2] деп аталган биргелешкен билдирүүсү эки элдин ортосундагы мамиленин андан ары бекем болушуна шарт түзгөн.

Учурда эки мамлекеттин башчыларынын расмий иш сапарларынын жыйынтыгы менен кыргыз-түрк мамилелеринин өнүгүшүнө зор салым кошкон жүздөн ашуун келишимдик-укуктук база түзүлгөн. Келишимдер, протоколдор түрдүү тармакта перспективдүү кызматташууну жөнгө салып турат. Атап айтканда саясий, соода-экономикалык, маданий-гуманитардык, илимий, билим берүү, аскердик-техникалык жана башка тармактарды ичине камтыйт.

Кыргызстан үчүн Түркия мамлекети менен тыгыз байланыш түзүп, эл аралык мамилелерде тажрыйба алуу максатка ылайык келет. Түркия - Европа, Азия, Африка континенттеринин кесилишинде жайгашып, абдан ыңгайлуу геосаясий абалга ээ, себеби, континенттер аралык темир жолу, аба жолдору, деңиз жолу Түркия аркылуу өтөт [9]. Бул дүйнөнүн көп өлкөлөрү менен ар тараптуу байланышта болууга шарт түзүп турат. Ал эми, Борбордук Азия аймагынын иштерине тартылуусу Кыргызстан менен өнөктөш болууга ыңгайлуу шарттарды түзүп, кызматташтык үчүн жол ачып турат.

Түркия Республикасы акыркы отуз жылдын ичинде экономикалык реформанын натыйжасында өнүккөн, ири экспортер, дүйнөлүк соодада көрүнүктүү орунду ээлеген мамлекетке айланган [4, 50]. XX к. аягында жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында автомобиль куруута, күндөлүк турмушта керектелүүчү техниканын чыгарылышына, жеңил өнөр жай тармагынын өнүгүшүнө шарт түзүлгөн. Айыл чарба продукцияларынан: дан, техникалык өсүмдүктөрдү, этти, сүттү өндүрүү өлкөнүн ички керектөөсүнөн жогору болгондуктан, экспорттоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Саякат ишине байланышкан бизнес да жакшы жолго коюлган.

Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын приоритеттүү багыты социалдык-экономикалык жана маданий чөйрөдөгү эл аралык мамилелерде, тартылган ири инвестицияларды толугу менен пайдаланууда, ички экономиканы реформалоодо республиканын аймактарынын да салымы зор экендиги талашсыз. Анткени, эл аралык экономикалык келишимдерди ишке ашырууда өлкөнүн аймактарынын экономикалык өзгөчөлүгү, инвестициялык туруктуулугу, негизги багыттары, өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрү өзгөчө орунду ээлейт. Ушул таризден алганда, кыргыз-түрк мамилелеринин тереңдешине өз салымын кошуп жаткан Ош облусу жөнүндө да айта кетүү туура болот. Себеби, Кыргызстандын эл аралык аренада таанылышында Ош облусунун да өзгөчө орду бар. Ош облусу Кыргыз Республикасынын облустарынын ичинен калкы эң тыгыз жайгашкан аймак (1 чарчы км.ге 40,3 адам туура келет). Аянты 29,2 миң чарчы км., калктын саны 1247,9 миң адам. Ал эми облустун борбору үч миң жылдан ашуун тарыхы бар байыркы жана заманбап Ош шаары көптөгөн туристтерди өзүнө тартып турат. Ошондой эле, тышкы экономикалык байланыштарды түзүүгө, өнүктүрүүгө толук потенциалы бар чөлкөм катары да кароого болот.

Ош облусу минералдык, отун-энергетикалык ресурстарга бай. Облустун аймагында Фергана бассейниндеги көмүрдүн белен корлору аныкталган. Аларды иштетүүдө ички керектөөдөн сырткары экспортко да чыгарууга мүмкүнчүлүгү бар. Өзгөн таш көмүр бассейни Борбордук Азиядагы эң ири көлөмдөгү запаска ээ, сапаты да жогору. Аны отун-энергетикалык сырье катары эле колдонбостон, химиялык өнөр жайында жана металлургиялык өндүрүштө колдонууга болот. Андан сырткары минералдык чийки заттары, курулуш материалдары белен. Буларды толук колдонуу экспортко багытталган товар өндүрүүнү камсыз кыла алат. Ал эми тоолордо өскөн дарылык касиетке ээ өсүмдүктөр фармакологиялык өндүрүш үчүн негиз боло алат. Ошондой эле саякат бизнесин ийгиликтүү уюштурууга болот.

Ош облусу жогоруда белгиленгендей экономикалык негиздерине ээ болуп туруп, жалпы мамлекеттик инвестициялык саясатын ишке ашырууга толук мүмкүнчүлүктөргө ээ жана эл аралык байланыштарга жигердүү катышуусу маанилүү. Анткени, биринчиден Ош шаары өлкөбүздүн расмий түрдө түштүк борбору болуп эсептелет, экинчиден, Ош облусу мамлекеттин ири экономикалык аймагы катары, жалпы мамлекеттик тышкы саясаттын алкагында өз алдынча ийгиликтүү иш аракеттерди жүргүзүп, бир катар чет өлкөлөр, ири экономикалык уюмдар, инвестициялык фонддор менен тыгыз мамиле түзүп, өлкөбүздүн ички өнүгүүсүнө зор салым кошуп келүүдө.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эле, Түркия Республикасынын айрым аймактары менен Ош облусунун кызматташтык мамилелери түзүлгөн. Түрк инвесторлору Ошко 1990-жылдардын башынан келе баштаган. 1997-жылга чейин жеке компаниялар менен байланыштар түзүлгөн болсо, 1997-жылдан

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



баштап расмий өкүлдөрдүн облуска келиши кызматташтык мамилелердин жаңы баскычка көтөрүлүшүнө шарт түзгөн. Түркиянын Стамбул, Маниса, Амасья шаарлары менен Ош шаарынын ортосунда соода, шаар чарбасы, биргелешкен ишканаларды түзүү жана боордоштук байланыштары жөнүндөгү документтерге кол коюлган [3;4;8]. Төмөнкү №1-таблицадан шаарлар ортосунда ар тараптуу байланыш түзүүгө багытталган документтерге кол коюлгандыгы жана алардын мазмуну жөнүндө маалымат алууга болот.

*Таблица 1*

**Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын Түркия Республикасынын шаарлары менен түзүлгөн байланыштары**

| Документке кол коюлган дата | Документтин мазмуну | Тараптар |
|---|---|---|
| 1997-жыл, 20-октябрь | Түркия Республикасынын Стамбул шаарынын жана Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын ортосунда соода, шаар чарбасы, биргелешкен ишканаларды түзүү жана боордоштук байланыш жөнүндөгү Протокол. | Түркия Республикасы, Стамбул шаары – Кыргыз Республикасы – Ош шаары. |
| 1998-жыл, 10-август | Салттык жана тарыхый байланыштарынын чегинде маданият, маалымат, билим, техника, экономика, искусство, айлана-чөйрө, саламаттыкты сактоо, спорт жана саякат иши тармактарында кызматташтык жүргүзүү үчүн бул эки шаар боордош болуусу жөнүндөгү экинчи Протокол | Түркия Респ. Стамбул ш. – Кыргыз Респ. Ош ш. |
| 1997-жыл, 15-май;<br>1998-жыл, 14-август;<br>2004-жыл, 17-апрель | Түркия Республикасынын Маниса шаарынын жана Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын ортосунда достук, бир туугандык жана кызматташтык байланыштарды түзүү жөнүндө Келишим.<br>Шаарлар ортосунда бир туугандык жана кызматташтык байланыштарды түзүү жана аны улантуу үчүн өз ара мамилелерди уюштуруу жөнүндө Келишим.<br>Эки шаардын ортосунда маданий байланыштарды орнотуу жана өнүктүрүү жөнүндө Келишим. | Түркия Республикасы, Маниса шаары – Кыргыз Республикасы – Ош шаары. |
| 2005-жыл, 06-декабрь | Түркия Республикасынын Амасья шаарынын жана Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын ортосундагы боордоштук байланыштарды түзүү экономикалык, илимий, техникалык, маданий потенциалдарын натыйжалуу пайдалануучу жана өлкөнүн ортосундагы достукту чыңдоого көмөк көрсөтүү жөнүндө Макулдашуу. | Түркия Республикасы, Амасья шаары – Кыргыз Республикасы – Ош шаары. |

Шаарлар ортосунда тыгыз байланышты түзүүнүн натыйжасында түрк ишкерлеринин өндүргөн продукцияларынын көргөзмө-жарманкеси Ош шаарында бир нече жолу өткөрүлгөн. Облустун аймагында 25 биргелешкен кыргыз-түрк ишканалары катталган [8, 250]. Айрыкча (ТИКА) Эл аралык кызматташтык жана өнүгүүнүн түрк агенттигинин алкагында иштеген фирмалар алгылыктуу ийгиликтерди жаратышкан.

Аталган агенттик 1992-жылдын башында экономикалык, маданий жана техникалык кызматташуу максатында түзүлгөн. Агенттиктин негизги ишмердүүлүгү экономикалык жардамдарды көрсөтүү, биргелешкен долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу, өнүктүрүү, укуктук, техникалык-экономикалык, социалдык, экологиялык багыттагы маселелер болуп, түрк тилдүү мамлекеттердин дүйнөлүк чарбага кошулушуна жана тармактык, рыноктук кайра түзүүлөргө жардам көрсөтөт [9]. ТИКАнын бардык долбоорлору жана программалары Борбордук Азиядагы жана Закавказьедеги жаңы түзүлгөн көз карандысыз мамлекеттердин талаптарына багытталган.

Аталган агенттиктин таасиринин натыйжасында Ош облусунун аймагында биргелешкен ишканалар, бизнес борборлору жана соода уюмдары активдүү аракетте болуп, эки тараптуу пайдалуу жумуштар аткарылган. Ийгиликтүү иштеген фирмалардын катарына “Етем Озсой”, “Сунель”, “Истамбул” фирмаларын кошууга болот. “Етем Озсой” пахтаны өстүрүүгө, ал эми “Сунель” тамеки өндүрүшүнө өз каражаттарын жумшашкан [10, 298]. Ал эми “ВЕКО”, “Lion”, “LC Waicici” жана башка соода уюмдары эл керектөөчү товарларды камсыз кылып келет. Мындан тышкары нан, макарон, таттуу азыктар, балмуздак жасоочу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ишканалары, тамактануу жайлары - кафе жана ресторандар да ачылып, калкты тейлөөдө.

Ошондой эле, маданият жана билим берүү тармагында да кызматташтык мамилелери жакшы жолго коюлган. Орто жана жогорку билим берүүдө эки тараптуу пайдалуу долбоорлору иш жүзүнө ашырылууда. Айрыкча дин таануу багытындагы түрк тараптын тажрыйбасы оң натыйжаларын берүүдө.

Жыйынтыктап айтканда Кыргыз Республикасы менен Түрк Республикасынын мамилелери стратегиялык мүнөзгө ээ болуп, учурдун талабына ылайык улам жаңы укуктук ченемдер менен толукталып турат. Эки элдин достугу, кызматташтыгы эки тарапка бирдей пайда келтирүүгө багытталат.

**Адабияттар:**


1. Омаров Н. Внешняя политика Кыргызской Республики в эпоху стратегической неопределенности [Текст] / Н.М. Омаров. - Бишкек: Илим, 2005. - 219 с.
2. Турция: Современные проблемы экономики и политики [Текст] / Ин-т востоковедения РАН, Ин-т изучения Израиля и Ближнего Востока; отв. ред. Е.Н. Уразова. - М.: Изд. РАН, 1997. - 136 с.
3. Хантингтон С. Столкновение цивилизаций. М.: АСТ, 2018
4. Турция: Современные проблемы экономики и политики [Текст] / Ин-т востоковедения РАН, Ин-т изучения Израиля и Ближнего Востока; отв. ред. Е.Н. Уразова. - М.: Изд. РАН, 1997. - 136 с.
5. Кыргызстандагы Ош шаарынын мэриясы менен Түрк жумуриятындагы Маниса шаарынын мэриясынын ортосундагы достук, бир туугандык жана кызматташтык байланыштарды түзүү жөнүндөгү Келишим [Текст]. Ош ШМЭБӨИТ ком. учурдагы арх. мат. Түркия.
6. Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын мэриясы менен Түркия Республикасынын Амасья шаарынын ортосунда боордоштук байланыштарды түзүү жөнүндө Макулдашуу [Текст]. Ош ШМЭБӨИТ ком. учурдагы арх. материалы. Түркия.
7. Түрк Республикасынын Стамбул шаарынын жана Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын ортосундагы боордош шаарлар жөнүндөгү Протоколу [Текст]. Ош ШМЭБӨИТ ком. Учурдагы арх.материалы. Түркия.
8. Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Тышкы экономикалык байланыштар комитетинин төрагасынын билдирүүсү 10.11.1998-ж. [Текст]. ОшОМА ТЭБК, исходящ. док. за 1998-1999 гг., С249-254.
9. Материалы областного семинара-совещания по вопросам рыночной экономики (сент. 2005 г.) [Текст]. ОшОМА ТЭБК, исходящ. док. за 2001-2005 гг., С.128, 201.
10. Ош шаардык мэриясынын Эл аралык байланыштарды өнүктүрүү жана инвеситицияларды тартуу бөлүмүнүн 2005-2009-жж. жүргүзгөн иштери жөнүндө [Текст]: отчеттор. Бөлүм башчысы А.Мурзалиевдин маалыматы. Ош ШМЭБӨИТ ком. учурдагы арх. материалдары.